б Долбоор

Кыргыз Республикасынын
Финансы министрлигинин
2025-жылдын “8” 07
№ 120-Б
буйругуна
1-тиркеме

**Сатып алуу жөнүндө документтерге киргизүү үчүн контрактты банктык коштоо жөнүндө талаптар**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 21-майындагы № 273 “Контрактты банктык коштоо жөнүндө” токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү контрактты банктык коштоо тартибинин 3-пунктунда көрсөтүлгөн бир же бир нече шарттарга жооп берген сатып алуу контракттарына карата Сатып алуучу уюм/Агент сатып алуу документациясына төмөнкү жоболорду камтыган “Контрактты банктык коштоо” бөлүмүн киргизүүгө милдеттүү:

1. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине ылайык сатып алуунун жеңүүчүсү деп аныкталган берүүчү менен сатып алуу жөнүндө контракт боюнча банктык коштоо колдонулат.

2. Контрактты банктык коштоо контрактты түзүүдө берүүчү тарабынан тандалган ыйгарым укуктуу банк тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Сатып алуунун жеңүүчүсү тарабынан аныкталган берүүчүнүн иш-аракеттеринин тартиби:

- сатып алуучу уюмга/Агентке өзүнүн колу коюлган сатып алуу жөнүндө контрактты берүүнүн алдында ыйгарым укуктуу банкты тандоо жана ал жөнүндө сатып алуучу уюмга/Агентке контрактта тандап алган ыйгарым укуктуу банкты көрсөтүү менен маалымдоо;
- сатып алуу жөнүндө контракт түзүлгөн күндөн тартып он жумуш күндөн кечиктирбестен ыйгарым укуктуу банкта чыгымдалуучу операцияларды жүргүзүүнүн атайын режими бар Өзүнчө эсеп ачуу.

4. Сатып алуу жөнүндө контрактты аткарууга байланышкан бардык эсептешүүлөр сатып алуунун жеңүүчүсү деп аныкталган берүүчү жана контрактты аткаруу учун тартылган жактар, анын ичинде жөнөкөй шериктештиктин (консорциумдун) катышуучулары (мындан ары - кошо аткаруучулар) тарабынан бир ыйгарым укуктуу банкта ачылган Өзүнчө эсепти пайдалануу менен гана жүзөгө ашырылат.

5. Сатып алуунун жеңүүчүсү деп аныкталган берүүчү тарабынан тартылган кошо аткаруучулар, ошондой эле ыйгарым укуктуу банкта Өзүнчө эсептерди ачууга жана сатып алуу жөнүндө контрактты аткаруу учун түзүлгөн келишимдер боюнча эсептешүүлөрдү Өзүнчө эсептерди пайдалануу менен жүргүзүүгө тийиш. Сатып алуучу уюм/Агент тарабынан түзүлгөн банктык коштоого өтүнмөдө аныкталган учурларда эсептешүүлөр Өзүнчө эсеп ачпастан жүргүзүлүүчү жактардан тышкары, сатып алуу жөнүндө контрактты аткаруу үчүн тартылган бардык кошо аткаруучулар тарабынан Өзүнчө эсептер ачылат.